УДК 37.013:82-3

# ДУХОВНОЕ И НРАВСТВЕННОЕ НАСЛЕДИЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА В ПОЭМЕ “КУТТУУ БИЛИМ»

*А.К. Эмильбекова*

"Благодатное знание" Жусупа Баласагына содержит богатейшую информацию об общественном устройстве того времени, месте и роли всех социальных групп, общественных нормах и правилах. Философ рассуждает о диалектике таких понятий, как добро и зло, правда и ложь, великодушие и жадность, благоразумие и невыдержанность. При этом взгляды автора тесно связаны с его мировоззрением и социальной концепцией. Он часто повторяет мысль о том, что и в политике, и в общественных отношениях главным критерием человеческой сущности должна быть человечность. Вся история человеческой цивилизации ставила перед учеными и мыслителями вопрос: в чем сущность и цель человеческой жизни? Размышляя над ним, автор делает вывод, что каждый человек, независимо от социально-политического положения, должен прожить достойную жизнь, стремиться принести людям радость. Человек в одночасье может лишиться всего, что имеет. Поэтому нет ничего выше доброго и внимательного отношения к людям, уважения их человеческого достоинства. Это непременно возвернется человеку добром и счастьем.

*Ключевые слова:* мыслитель; диалектика; этика; нравственность; духовность; воспитание; знание; счастье; радость; добро; зло; истина.

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТТУУ БИЛИМ” ДАСТАНЫНДАГЫ РУХИЙ НРАВАЛЫК МУРАСТАР

*А.К. Эмильбекова*

Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны дүйнөлүк философиянын салттуу темаларынын бири болгон адамдын жакшы, жаман жактарына өзгөчө маани берип токтолгон. Адамдын өз өмүрүндөгү негизги максаты эмне? деген суроо дүйнөнүн не деген дархан даанышмандарын ойлондурбаган. Баласагын акылман бул маселеге көп кайрылган. Натыйжада ал ар бир адам өз өмүрүн жакшылык иштерге гана арноосу зарыл деген этикалык жактан негиздүү тыянакка келет. Ал эми ар бир адам жарык дүйнөдөгү инсандык парзын адамгерчиликтин асыл нарктуу жактарын аздектеп аткарганда гана өз өмүрүн өрнөктүү жашап өткөн болот. Автор адам өмүрүнүн башкы максаты тууралуу тыянагы – ар бир пенде, ким гана болбосун, адамгерчиликти аркалап гана жашоо керек. Адам аты анын жакшы иштери, жанга жагымдуу сөздөрү аркылуу гана түбөлүккө сакталат.

*Түйүндүү сөздөр:* даанышман; диалектика; этика; рухий мурастар; максат; акылман; билим; тарбия; бакыт; кубаныч.

# SPIRITUAL AND MORAL HERITAGE OF ZHASUP BALASAGHYN IN THE POETLE “KUTTUU BILIM”

*A.K. Emilbekova*

Zhusup Balasagyn’s “gracious knowledge” contains a wealth of information about the social structure of that time-place and the role of all social groups, social norms and rules. The philosopher discusses the dialectic of such concepts as good and evil, truth and lies, generosity and greed, prudence and incontinence. At the same time, the views of the author are closely related to his worldview and social concepts. He often repeats the idea that in politics and in social relations humanity should be the main criterion for human nature. The whole history of human civilization posed the question to scientists and thinkers – what is the essence and purpose of human life? Reflecting on it, the author concludes that every person, regardless of the socio-political situation, must live a decent life, strive to bring joy to people. A person can suddenly lose everything that he has. Therefore, there is nothing higher than a kind and attentive attitude towards people, respect for their human dignity. It will surely return to man with kindness and happiness.

*Keywords:* thinker; dialectic; ethics; morality; spirituality; education; knowledge; happiness; joy; good; evil; truth.

Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны философиялык мазмуну боюнча Чыгыш маданиятына кеңири тараган санат-насыят маанисиндеги этикалык-дидактикалык чыгарма.

Жусуп Баласагын өз заманындагы адеп-этикалык принциптерди, идеалдарды, ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен туташ байланышта карап, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. Ошондуктан бул чыгарманы адамзатка ар убак рухий нравалык азык болчу этикалык кодекс катары бааласак болот. Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны залкар педагогикалык идеяларга жык толгон дидактикалык маанидеги чыгарма. Биз билгендей дидактика – коомдук турмуштун материалдык талаптарына ылайык пайда болуп, өсүп-өнүгүп келе жаткан илим. Адамзат коомчулугу тиричиликтин түрдүү тармактары боюнча турмуштук тажрыйбаларын жана билимдерин акырындык менен илим казынасына жыйнап келген.

Мына ушундай улуу рухий нравалык мурастар Жусуп бабабыздын “Куттуу билим” дастанында камтылган. **Ал акыл-насаатка жык толгон адеп-ахлак, нарк-насил көйгөйлөрү иликтөөгө алынып, адам баласынын акыл-эси, билими, тулку-турпаты менен рухий жан-дүйнөсүнүн, айткан кеп-сөзү менен кылган ишинин дал келиши коомдук өнүгүштүн зарыл шарты катары көрсөтүлгөн.**

Андыктан бүгүнкү күндөгү педагогика илиминин өсүп-өнүгүү багыттарын аныктоодо, жаштарды келечекке карай багыттоодо, руханий баалуулуктардын негизинде балдарга таалим-тарбия берүүнүн мааниси зор. Улуу ойчул, таасын тарбиячы Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанын окуучуларга билим берүүдө, жаш муундарды жашоого тарбиялоодо, алардын ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүүдө **тарбия берүүнүн негизги каражаты катары окутуу изилдөөнүн негизги педагогикалык объектисин түздү.**

Кыргыз тили илиминде, адегенде Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны тилдик жактан изилдөөгө алынган. Буга 1965 – жылы Ү. Асаналиев менен К. Ашыралиевдин “«Кутадгу билик» эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү” аттуу жарыяланган эмгеги далил. Ал эми кыргыз адабият таануу илиминде Жусуп Баласагын жана анын «Куттуу билим» дастаны жөнүндө, тактап айтканда, дастандын тилин бугракан тили, кыргыз тили менен бир тил деген маселе тууралуу алгачкылардан болуп олуттуу сөз козгогон К. Артыкбаев болду [1; 13б ]. Ошол мезгилде «Кыргыз маданияты» газетасында жарыяланган макалалардан эки башка карама – каршы ойлордун айтылгандыгын байкоого болот. Атап айтканда, окумуштуу К. Артыкбаевдин көз караштарын жактаган бир топтогу авторлор: тарыхчы Ө. Караев, жазуучу Т. Сыдыкбеков, адабиятчы Ж. Таштемиров, тарыхчы З. Белекова; ал эми экинчи, ага карама-каршы топко: тилчи Э. Абдулдаев, философ Б. Аманалиев, Т. Назаралиев сыяктуу окумуштуулардын пикирлери кирет. Кыргыз окумуштуулардын пикирине карасак, алар кыргыз тили эң таза, жатык тил, учкул сөздүү тил болгондуктан, Карахандыктардын тили кыргыз тили менен бир тил деп карашкан [2; 266 б]. Улуу мурасты сактап калган окумуштуу, профессор Качкынбай Артыкбаев Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны кыргыздарга гана тиешелүү экендигин далилдеген зор иштери кыргыз элинин сыймыгына айланды.

Улуу ойчул дүйнөлүк философиянын тарыхында салттуу темалардын бири болгон адамдын жакшы, жаман жактарына өзгөчө маани берип токтолгон. Автор алды менен адамдын жашоо турмушунда жакшылык менен жамандык үзөңгүлөш жүрө тургандыгын белгилейт. Адамдын нравалык нарктуулугун даңазалаган Жусуп бабабыз адилеттик, билимдүүлүк, жоомарттык, сабырдуулук, калыстык сыяктуу касиеттерди жакшылыктын башкы критерийлери катары белгилейт. Ошентип, Жусуп бабабыз адамдарды алардын сапаттарына жараша жакшылар жана жамандар деп эки категорияга бөлөт. Ошондон улам дастанда жакшылык менен жамандык, катаалдык менен жалгандык, ак көңүл менен кытмырдык, ишмердик менен жалкоолук, сөзмөрдүк менен чоркоктук, билимдүүлүк менен караңгылык, сылыктык менен оройлук, адамгерчилик менен айбандык, көтөрүмдүүлүк менен көпкөндүк, акылмандык менен акмактык, жаштык менен карылык, өмүр менен өлүм, каниет менен ач көздүк, адалдык менен арамдык, адилеттик менен адилетсиздик сыяктуу турмуштук категориялар менен түшүнүктөр бири-бирине карама-каршы коюлуп, алардын көбү, каармандардын суроо-жоопторунда жана өз ара турмуштук тажрыйбаларды баяндап, пикир алмашууларында, ички монологдорунда, автордун лирикалык чегинүүлөрүндө кеңири баяндалат. [4; 85 б]

Маселен жакшылык менен жамандыктын, жакшы иш менен жаман иштердин маани-маңызын мындай деп чечмелейт:

Жакшылык – өзү жакшы, баасы кымбат,
Андан да аны жасоо кымбатыраак.
Бузук – жаман, Жаман да ага барган,
Эң жаман – жамандыкты кылган адам.

Арзан буюм чачылып жерде жатат,
Парча, шайы кымбат да – төрдө жатат.
Жакшылык кылган жанды көкөлөтөт,
Жамандык – кылган адам көргө түшөт.

“Жакшы иштин жолу татаал, тайгалак,
Дилгир жетет, а жалкоолор кур калат.
Жакшы иш жасоо өтө кымбат абыдан,
А наадандар жакшы иштен кур жалак”. [3; 109–110 б]

Өзгөчө сөздү орду менен сүйлөй алган, берген убадасын убагында аткара алган, ишке эмгекке дилгир адамдар гана өз ара урматташа, сыйлаша ала тургандыгын баса көрсөтүү менен, тарбия таалимсиз, сөзүнүн орду жок, жалкоо адамдардан андай сый-сыпаттарды күтүүгө болбой тургандыгын эскерткен төмөнкү саптарга көңүл буралы:

Абийирдүүлөр дос күтөт жакшылардан,
Тапсам дейт акылы бар чынчыл адам.
Жамандар болбос ишке кегин сактайт,
Жакшынын атын булгап ушак таштайт.

Жакшылык жасап көнгөн жасай берет,
Таарынычты унутуп, мээрин төгөт.
Жасаса бир жаман иш кокусунан,
Өмүр бою өкүнүп жүрөт анан.

Жашоонун оң-солу бар, жакшы-жаман,
Ондо-бейиш, а солдо-тозок саган.
Жамандар көтөрүлсө кыял бүтүп,
Өкүнүч аны дайым жүрөт күтүп [3; 110 б]

Ошону менен бирге Жусуп бабабыз таалим тарбиянын ак жолуна сыйышпас коомдогу жат мүнөздүк сапаттардын баарын катуу сынга алып жүрүп отурат. Ошол эле учурда ал жалганчылык, өлөрмандык, ач көздүк, орой-одонолук, тажаалдык сыяктуу пендечиликтеги адепсиз жексур сапаттарды жактырбагандыгын айтат:

Баяндайм мен жараксыз сапаттардан,
Жолобо, алыс болгун андайлардан,
Жактырбайм, жанталашкан жалгандарды,
Зордуктап, кара күчкө салгандарды.

Ач көздүк, уятсыздык жана дагы,
Чорт кыял токтоно албас адамдарды.
Өктөмдүк, жаалдуулук жаман мазак,
Тажаалдар, ичкичтер да болот азап.

Ушулар мага жакпас кемчиликтер,
Санадым, өзүң эми салмактап көр.
Эгер сен ак кызматкер болом десең,
Алыс болуп булардан, жолобо сен
[3; 104б, 847–852 б].

Жогоруда айтылган Жусуп Баласагындын баа жеткис рухий нравалык мурастарын жаш муундарга таалим-тарбия катары ар кандай салттуу жана интерактивдүү ыкмалардын жардамы менен окутуу изилдөөнүн негизги жаңылыгын түзмөкчү. Интерактивдүү деп аталган методдордун дидактикалык өзгөчөлүктөрүн, мүнөздөмөлөрүн ачып, алардын салттуу делген методдор менен белгилүү бир жалпылыктарга ээ экендигин көрсөтүү үчүн айрымдарына өзүнчө токтололу. Мисалы: **“Ой калчоо”** методу чыгармачылык активдүүлүктү жана натыйжалуулукту камсыз кылууга, терең жана ар тараптуу ойлонуштуруу менен алда канча алгылыктуу деген чечимди кабыл алууга, көнүктүрүүгө багытталган. Мисалы, ал төмөнкүдөй баскычтарда ишке ашат:

1) Мугалим теманы жарыялайт
2) Окуучулар проблеманы жазып алышат;
3) Окуучулар өз ара ой бөлүшөт;
4) Мугалим идеяларды ортого салат;
5) Доскага бардык идеялар жазылат;
6) Ал сунуштар каалагандай талданат, алгылыктуу дегени алынат, корутунду чыгарылат.

Өтүлө турган жаңы теманы мындай ыкма менен өтүү **тең ойлонууга, ой жүгүртүүгө, сын көз караш менен кароого негизделген. “Ой калчоо” методу менен жекече, жупташып же группада иштесе болот.**

Адамдардын адеп-нравалык касиеттеринен Жусуп бабабыз жөнөкөйлүктү жана кичи пейилдикти өзгөчө баалаган. “Куттуу билим” дастанынын башынан аягына чейин автордун жөнөкөйлүк жана кичи пейилдик, мээрмандык тууралуу омоктуу ойлору көп ирет кайталанып айтылган. Пенде баласы бийликтин кандай гана бийиктигине көтөрүлбөсүн, колуна канчалык көп байлык, мансап топтолбосун ал эң алды менен жөнөкөйлүк, кичи пейилдик, мээрмандык касиеттерин сактоосу зарыл деп, жөнөкөйлүктү жөндөп урматтап, жөнөкөйлүк жакшы жөрөлгөлөрдүн башаты экендигин, керкейген адамдын түпкүлүгүндө өзүнө да, өзгөгө да кесири тийерин айткан Жусуп бабабыздын сөзүн уксак:

“Күттүрбөй дөөлөт сени калса басып,
Жөнөкөй жана адилет болгун жатык.
Жөнөкөй момундарга алкыш, урмат,
Жөнөкөйдө жакшы иштер бүчүр алат!
Керкейгендин түбүндө жөнү жаман,
Кесир тилейт өзүнө андай адам”
[3; 161 б, 1702, 1705–1706 б].

Бул дүйнөдө баары агып, баары өзгөрүлүп турат, бүгүн көргөн эртең жок. Адам өмүрү, бийлик, байлык, мансап, дөөлөт, атак-даңк да ошондой – бир күн келсе, бир күн кетет. Андыктан ар бир пенде барына манчыркап, кекирейип керсейбей, жогуна кейип кемибей адамдык абройду жогору тутуп, жөнөкөй болгону эп. Жөнөкөй, элпек, кичи пейил, жароокер, жоомарт адамга гана дөөлөт келип, бакыт кушу конот. Ал эми кекирейип керсейген, бийлик, байлык, мансап деп жанталашкан, ач көз адамдан башкалар жаа бою качат. Чыныгы

адам артында жакшы из, өзү жөнүндө жакшы сөз калтырууну парз тутат. Андай максаттын эң башкы баскычтары катары Жусуп Баласагындын адамгерчиликтеги ажайып асыл нарктуу сапаттарды ашкере аздектеп айтат.

Жусуп Баласагын адам баласынын адеп-ахлак дүйнөсүнө мүнөздүү болгон сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, берешендик сыяктуу нарктуу касиеттердин артыкчылыгын айтуу менен шашмалык, ач көздүк сымал бейадеп терс таасирине мындайча токтолгон:

Шашмалык, акылсыздык, текебердик-
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк.
Шашмалык- бышпаган иш, чийки талап,
Бышпаган аш адамды оору кылат!

Ар ишти акыл-ойдо тактап жүргүн,
Тактап алсаң иштөөгө шаша билгин.
Ач көз болбо, абийирди бийик карма,
Сөздө, иште адилет болгун жанга
[3; 181 б, 1996–2000 б].

Улуу ойчул Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны жалпы адам баласын ар качан түйшөлткөн түбөлүктүү маселелерди ичине камтыйт. Адамзат жер үстүндө жашап турганда актуалдуулугун жоготпогон ааламдык масштабдуу маселелердин үстүндө акыл калчап, ой баккан, бул дүйнөнүн көңүл ыргагын дирилдеткен көйгөйлүү жактарына жаны ачып, жүрөк сыздаткан. Антпесе төмөндөгү саптар жазылат беле:

“Заң начарлап, көбөйдү тартип бузуу,
Ак караны эч болбойт ажыратуу.
Эл бузулду, унутуп үрп-адатын,
Кандай күнгө туш болдук, айтчы бачым”
[3; 475, 483 б, 6492, 6588 б].

Бул сыяктуу көңүл ооруткан көйгөйлүү маселелердин бүгүнкү күнү да актуалдуулугу талашсыз.

Ошондой маселелердин бири катары Жусуп бабабыз адамдын аң сезимин талкалай турган арак, шарап бейадептүүлүктүн бирден бир башаты экендигине токтолот. Арак, шарапты апаат катары жектеп, балекеттин баары арактан башталат, арак акыл билим душманы, адам канчалык уят-сыйыттуу болсо да, ичкилик ичкен соң акылынан адашары, ичкендер өз бакытын качыраары, кедей ичсе тапканын түгөтөөрү, бектер ичсе элдин бары ач болоорун өкүнүчтүү пафос менен көп ирет белгилеп көрсөткөн төмөнкү саптарда мындай делет:

Арак бул – акыл, билим душманы да,
Бардык чырдын, чатактын бучкагы да.

Акыл-эстүү жүз эсе – болсо да адам,
Ичкич болсо, ишине жарабас жан.
Канчалык уят – сыйлуу болсо да адам,
Ичкен соң уятсыз иш кылат анан.

Ичпегин- бактыңды качырасың,
Ичкендин тентек дешээр мундуз атын
[3; 222 б, 2651–2653, 2655 б].

“Ичкилик арты – өкүнүч”- деген лакап ошол убакта эле актуалдуу болгонун жогорку мисалдардан көрүп жатабыз.

Демек, дидактикалык чыгарманын классикалык үлгүсү болгон бул дастанда орто кылымда түрк элдерине мүнөздүү болгон адеп-ахлактык маселелердин баары кеңири камтылып чечмеленген жана ал маселелерге байланыштуу автор тарабынан айтылган баалуу ойлор, көз караштар бүгүнкү күндө да, эртеңки күндө да, өзүнүн актуалдуулугун төмөндөтпөстөн, тескерисинче, жаш муундарга тарбия-таалим берүүдө, рухий нравалык мурас катары өзүнүн таасирдүү күчүн улам арттыра бермекчи.

***Колдонулган адабияттар***


1. *Турдубаева Н.* Жусуп Баласагын жана анын “Кутадгу билик” дастаны / Н. Турдубаева. Бишкек, 2006. 13 б.
2. *Эралиев З.* Жусуп Баласагын тууралуу баян / З. Эралиев. Бишкек, 2004. 266 б.
3. *Жусуп Баласагын* “Куттуу билим”. М., 1993.
4. *Артыкбаев К.* Жусуп Баласагын тууралуу баян Бишкек, 2004. 85 б.